## 2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү багыты (динамикасы)

2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде өлкөнүн экономикалык өсүшү (УСК маалыматтары боюнча) 3,0 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде – 8,9 пайыз), «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда, реалдуу ички дүң өнүм (ИДӨ) 2,7 пайыздык өсүшкө ээ болгон

2014-жылдын сентябрь айында инфляция жылдык мааниде алганда 7,4 пайызды түзгөн, 2013-жылдын ушул эле мезгилинде ал 6,0 пайыз чегинде катталган эле.

2014-жылдын баш жагынан бери АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 10,7 пайызга өсүү менен 54,5202 сомду түзгөн (2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде – 2,6 пайызга өскөн).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында акча базасы 4,9 пайызга кыскаруу менен 69 575,3 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде акча базасы тескерисинче, 6,9 пайызга өскөн эле), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча, башка депозиттик корпорациялардын камдары (резерв) 13,9 пайызга көбөйгөн шартта, 6,6 пайызга азайган.

Сентябрь айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмүн, өткөн жылдагы ушул көрсөткүчтөргө салыштырганда төмөнкүчө мүнөздөөгө болот:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 89,9 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 10,1 пайыз чегинде катталган.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар жыл башынан бери 11,1 пайызга көбөйүү менен 5 912,0 млн. сомду түзгөн, үстөк камдар 31,4 пайызга көбөйүп, 1 135,3 млн. сомго жеткен (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде үстөк камдар 38,9 пайызга кыскарган шартта, милдеттүү камдар 16,1 пайызга өскөн).

Акча базасын кыскарышы негизинен Улуттук банктын операциялары менен шартталган, 2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде ал акча базасын 4,8 млрд. сомго азайткан, мында акча базасынын 1,3 млрд. сомго көбөйүүсүнө Өкмөттүн операциялары салым кошкон.

Кароого алып жаткан мезгил ичинде акча базасына Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасир эткен:

- валюта операциялары акча базасын 15,4 млрд. сомго азайткан;
- «овернайт» депозиттери – жайгаштырылган каражаттардын көлөмү 82,4 млрд. сомду түзгөн;
- «овернайт» кредиттери – берилген каражаттардын көлөмү 51,4 млрд. сом чегинде катталган;
- кредиттик аукциондор – берилген каражаттардын көлөмү 2,6 млрд. сомду түзгөн;
- ички рынокто алтынды сатып алуу 596,9 млн. сомго жеткен.

Жылдын январь-сентябрь айлары ичинде таза чет өлкө активдери 5,4 пайызга (же 5 445,5 млн. сомго) көбөйгөн, бул активдердин өсүшү сомдун наркынын түшүүсүнүн натыйжасында нарктык баа берүүнүн өзгөрүшүнөн улам келип чыккан (+7 680,9 млн. сом).

Дүң эл аралык камдар 2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде доллар түрүндө 115,2 млн. АКШ долларына азайып, 2 124,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

Таза ички активдер ушул мезгил ичинде 9 009,6 млн. сомго азайган. Буга да нарктык баа берүүнүн өзгөрүүсү таасир этип, натыйжада капитал эсеби 4 176,8 млн. сомго азайган, ал эми Өкмөт алдында милдеттенмелер анын депозиттеринин өсүшүнөн улам, 10 007,3 млн. сомго көбөйгөн. Таза ички активдердин өсүшүнө, кайра каржылоо инструменттери боюнча банктарга берилген каражаттарды арттыруудан улам Улуттук банктын коммерциялык банктарга карата таза талаптарынын көлөмүнүн көбөйүүсү, ошондой эле сентябрь айында жыл башына салыштырмалуу арылтуу операцияларынын көлөмүн азайтуу салым кошкон.

### Акча топтомдорунун өзгөрүүсү

Банктардан тышкары нак акчадан жана улуттук валютадагы депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 86 064,5 млн. сомду түзүү менен 5,4 пайызга азайган (2013-жылдын январь-сентябрь айларында 8,8 пайызга көбөйгөн эле), бул банктардан тышкаркы акчалардын 6,5 пайызга кыскарышы менен шартталган.

2014-жылдын январь-сентябрь айларында М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 2,1 пайызга көбөйүп 123 382,2 млн. сомду түзгөн, бул эң башкысы, чет валютасындагы депозиттер 24,6 пайызга көбөйүп, 37 317,7 млн. сомго жетиши менен шартталган (2013-жылдын январь-сентябрь айларында М2Х 15,1 пайызга көбөйгөн).

М2Х акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкары нак акча үлүшү – 46,9 пайыз (01.10.2013 карата – 51,6 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттер үлүшү – 22,8 пайыз (01.10.2013 карата – 22,8 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттер үлүшү – 30,2 пайыз(01.10.2013карата – 25,6 пайыз).

2014-жылдын сентябрь айынын акырына М2Хке кирген депозиттердин долларлашуу деңгээли жыл башынан тартып 6,2 пайыздык пункт көбөйүү менен 57,0 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 37 317,7 млн. сомду түзүү менен 24,6 пайызга өскөн, улуттук валютадагы депозиттер тескерисинче, 3,0 пайызга азайып, 28 188,6 млн. сомго чейинкини түзгөн. Натыйжада 2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде депозиттердин көлөмү 65 506,2 млн. сомду түзүү менен 11,0 пайызга өскөн (2013-жылдын январь-сентябрь айларында – 24,9 пайызга өскөн). Банктардан тышкаркы акча көлөмү ушул мезгил аралыгында 57 875,9 млн. сомду түзүү менен 6,5 пайызга кыскарган (2013-жылдын ушул эле мезгилинде банктардан тышкаркы акчалар 7,2 пайызга көбөйгөн).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында экономикага кредит[1] 31,6 пайызга өсүп, 75 240,1 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-сентябрь айларында – 25,7 пайызга).

Жылдын январь-сентябрь айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 1 399,0 млн. сомго көбөйүп (1,3 пайызга), 107 122,8 млн. сомду түзгөн.

Сентябрь айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 1 079,7 млн. сомго көбөйүп (7,1 пайызга), 16 259,4 млн. сомго жеткен.

2014-жылдын сентябрь айынын акырына карата эсептик чен Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык 2014-жылдын 30-сентябрынан тартып 0,5 пайыздык пунктка көбөйүү менен 7,0 пайыз чегинде катталган.

Сентябрь айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 7,00 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөөчү М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2014-жылдын 1-октябрына карата 1,773, М2 мультипликатору – 1,237 (2013-жылдын 1-октябрына карата тиешелүүлүгүнө жараша 1,644 жана 1,223) чегинде катталган.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 31,8 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 23,1 пайызды (2013-жылдын январь-сентябрь айларында – 31,0 жана 23,6 пайыз) түзгөн.

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

2014-жылдын сентябрь айында акча жүгүртүү ылдамдыгы айдын акырына карата 3,1 пайызды түзгөн (М2Х боюнча).

Кароого алып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын кассасына 54 454,2 млн. сом түшкөн, ал 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 5 903,5 млн. сомго же 12,2 пайызга көбөйгөн, кассадан берүүлөр 3 171,0 млн. сомго же 6,0 пайызга азайып, 50 027,0 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде коммерциялык банктардын кассасына 721 957,7 млн. сом түшкөн, ал өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 157 269,3 млн. сомго же 27,8 пайызга көбөйгөн, кассадан берүүлөр да 145 315,0 млн. сомго же 25,2 пайызга көбөйүү менен 721 155,4 млн. сом чегинде катталган.

2014-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде төлөм системасында финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 0,36, ликвиддүүлүк коэффициенти – 2,75 түзгөн.

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери